Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу 10.20.616 диссертациялык кеңештин эксперти, филология илимдеринин доктору, доцент Айнура Кадырманбетованын 10.01.01 – кыргыз адабияты адисиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Эшманбетова Нурайым Мукамбетовнанын **“Өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдарындагы тарыхый чындыктын интерпретациясы”** деген темадагы кандидаттык диссертациясына

## КОРУТУНДУ

Эксперт изденүүчү Эшманбетова Нурайым Мукамбетовна тарабынан даярдалган **“Өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдарындагы тарыхый чындыктын интерпретациясы”** деген темадагы кандидаттык диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 10.01.01 – кыргыз адабияты адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү проблемалар орун алган. Анда эгемендүүлүктөн кийинки кыргыз адабиятындагы романдарда тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышы, адабий-эстетикалык жактан аткарган кызматы, көркөм ойлоо чеберчилигинин өнүгүшү, нарк-насил, дөөлөт катары жетишкен ийгилиги жана кемчиликтери тууралуу кеңири изилденет жана тыянактар чыгарылат.

**2. Иштин максаты катары** коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

– тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышынын Совет доорунда жана эгемендүүлүктөн кийин кыргыз адабият таануу илиминде изилдениш абалын аныктоо;

– кыргыз адабиятында тарыхый чындыкты көркөм аңдаштыруунун пайда болушу, калыптануусу жана совет доорунда тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун саясий жактан көзөмөлгө алынышы, анын оң, терс жактарын ачып көрсөтүү;

– тарыхый чындыкты интерпретациялоонун эгемендүүлүктөн кийинки эволюциясын иликтөө;

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 175/06
«13» 01 2022 г.

– кыргыз жазуучуларынын тарыхый чындыкты берүү чеберчилигин талдоо аркылуу азыркы тарыхый роман жанрынын өзгөчөлүктөрүн белгилөө;

– тарыхый чындыкты автордун көркөм ойлоо чеберчилигинин өнүгүшүнүн интерпретациялоодо ролун аныктоо ж.б.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана ыкмалары ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо:**

Диссертант өз максатына жетүү үчүн адабий талдоонун каражаттарын, ыкмаларын билгичтик менен пайдалана алган. Ал изилдөөнүн обьектиси болгон эпикалык тексттердин мүнөзүнө жараша салыштырма-тарыхый, салыштырма типологиялык, системалоо методдорду колдонгон.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максатына жана милдеттерине ылайык келиши:**

Иштин негизги объектиси катары кыргыз романдары, анын бардык өнүгүү этаптарындагы фактылык материалдарды камтуу аракети жана негизги басымдын соңку мезгилдеги романдарга коюлушу, изилдөөнүн жүрүшү диссертанттын жогоруда белгиленген максат, милдеттери диссертациянын изилдөө объектисине толугу менен шайкеш келет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Диссертант беш пункттан турган милдеттердин ар бирине адабият таануунун салыштырма-типологиялык жана салыштырма-тарыхый методдорун колдонуу менен илимий анализ жүргүзүп, конкреттүү жыйынтыктарды чыгарууга аракет кылган. Диссертанттын изилдөө методдору диссертациянын милдеттерине толугу менен дал келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:** Элдин өткөн тарыхы анын коомдук, турмуштук тажрыйбасын, философиялык-дүйнөтаанымдык көз-карашын, каада-салттык, этико-эстетикалык түшүнүгүн камтып турат. Тарыхтын ийгиликтүү жана кемчиликтүү жактарынын чыныгы таразасы – бул мезгил таразасы. Мына ошол тарыхый чындыктардын кыргыз романдарында чагылдырылышына баа берип, чыгарманын идеялык-эстетикалык концепциясына, образдар системасына, жазуучунун чеберчилигине адабий талдоо жүргүзүү кыргыз элинин улуттук өзөгүн түзүүчү идеологияны аныктоо багытында жүрүп жаткан иштердин өңүтүндө дайыма актуалдуу.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Диссертанттын темага тикелей байланышы бар илимий жана көркөм адабияттарды жетиштүү деңгээлде пайдаланган. Диссертант изилденчү маселе боюнча өзүнө чейин жарык көргөн эмектерге обзордук анализ жүргүзүп, аларды сынчыл көз-караштан өткөргөн, историзм принцибинин негизинде баа берүүгө аракет кылган.

**3. Илимий натыйжалар.** Иште азыркы кыргыз адабият таануусунун, анын ичинде тарыхый романдардын өнүгүшү үчүн олуттуу мааниге ээ болгон төмөндөгүдөй илимий-теориялык натыйжалар алынган:

3.1. Алынган натыйжалар бүгүнкү күнгө чейин бул багытта түрдүү көз караштар болгону тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо проблемасы эгемендүүлүктөн кийинки тарыхый романдардын мисалында алгач ирет анализ жасалып, анын оң жана терс жактарынын ачыкталышы; тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо көркөм дөөлөттөрдү жаратууда гуманисттик, атуулдук-мекенчилдик, руханий-этикалык, моралдык-эстетикалык түшүнүктөрдү чагылдыруу чеберчилигинин негизги булагы экендигинин тастыкталышы менен баалуу.

3.2 Диссертант кыргыз романистикасындагы тарыхый чындыкты интерпретациялоонун эволюциясынын өзүнчөлүгү менен салттуулугуна байланыштуу жагдайларга көңүл буруп, жанрдын талабына негизденип өздүк көз караштарын билдирет. Анын конкреттүү романдарды талдоого негизделген илимий тыянактары, натыйжалары ишенимдүү жана толук.

3.3 Нурайым Эшманбетовнанын эмгеги азыркы кездеги адабият таануудагы көп колдонулган методдорду жана иликтөө каражаттарын эске алуу менен жазылган. Анын теориялык ой толгоолору жана тыянактары азыркы кыргыз адабият таануусуна кошулган салым болуп эсептелинет.

3.4 Диссертацияда кыргыз адабият таануусу үчүн олуттуу мааниге ээ болгон төмөнкүдөй белгилер бар:

1. Кыргыз адабият таануусунун бүгүнкү талаптарына ылайык олуттуу маселелер коюлган.
2. Диссертациянын жыйынтыктары жаңы.
3. Илимий иштин жыйынтыктары адабият таануу үчүн маанилүү (жогору).
4. Диссертация азыркы адабият таануунун магистралдуу багыттарына толугу менен төп келет.
5. Илимий иштин жыйынтыктары кыргыз адабият таануусунда кеңири колдонулат.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

- Орто мектептердеги жана ЖОЖдордогу кыргыз адабияты сабактарынын мазмунун жана объектисин кеңитип, студенттерге, магистрлерге ,

аспиранттарга жана адабият изилдөөчүлөрүнө кошумча илимий булак катары кызмат кылат;

- кыргыз адабият таануусуна, кыргыз адабиятына арналган атайын окуу куралдарын түзүүдө пайдаланылат.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулду.**

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши;**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине шайкеш келет.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр**

1) Илимий иштин главалары, параграфтары бирин-бири логикалык жактан толуктап, улап, бирок ошол эле убакта алардын ар биринин алдына койгон так, конкреттүү проблемасы, максат, милдети болуу керек. Ал эми бул иште экинчи главанын биринчи параграфы (2.1) биринчи главанын биринчи параграфындагы (1.1) каралган маселелерди эле кайталап, толуктоо менен чектелип калгандай пикир жаратат. 2.1 – бөлүм айрым бир тактоолорго муктаж.

2) Көркөм текстке, образдар системасына адабий талдоолор азыраак, үстүртөн баяндоочулук, жалпы сөздөр, бир эле ойду бир канча вариацияда кайталап айтуучулук учурлар көп кездешет.

3) Иштин жалпы корутундусу жана коргоого коюлуучу жоболору дагы да конкреттештирилип, иштин структурасында каралган маселелерге ылайыкталып ирээтке келтирилиши керек.

4) Диссертациянын темасында бир аз так эместик бар.

Белгиленген мүчүлүштөр иштин жалпы деңгээлине олуттуу тескери таасирин тийгизе албай турган редакциялык мүнөздөгү иштер. Жалпысынан, диссертацияны коюлган максат, милдеттер өтөөсүнө чыгарыла аткарылган иш катары жактоого сунуш кылса болот.

**7. Сунуштар.** Изилдөөнүн жүрүшүндө айтылган айрым жыйынтыктарды, корутундуларды көркөм тексттен алынган мисалдар менен далилдөө, тастыктоо керек.

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди даярдоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.01-кыргыз адабияты адистиги боюнча илимий адистиги бар К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университеттинин Манастаануу жана кыргыз адабияты кафедрасын бекитүүнү сунуш кылат.

**Биринчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар (Чыңгыз Айтматов в контексте исследования проблемы

«художник и мыслитель». - Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований. - № 4. – 2016. – часть 5. – с. 1024-1027; Кыргызское восстание 1916 года (об отчетах и оценках трагического слобытия). - Международный журнал прикладных и фундаментальных исследовани. - № 4. – 2016. – часть 5. – с. 1015-1019.; О художественном переводе кыргызских произведений на русский язык (анализ текстов). - Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований. - № 5. – 2017. – ч. 1. – с. 154-158.; Кыргызская акынская поэзия в досоветскую эпоху. – Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований. – № 5. – 2017. – часть 1. – с. 159-163.) филология илимдеринин доктору **Мамбеталиев Кубан Ильясовичти,** экинчи расмий оппонент катары адистикке тиешелүү эмгектери (Исследование кыргызской литературы XX века на аксиологической основе //«Восточные языки в современном мире: актуальные проблемы и тенденции развития». Материалы Международной научно- практической конференции. 10 апреля 2015 г. - Алматы: Абай атындагы КазУПУ-дыц «Улагат» баспасы, 2015. - С. 208-212.; Историко-культурное значение кыргызской прозы и поэзии XX века//«Восточные языки в современном мире: актуальные проблемы и тенденции развития». Материалы Международной научно- практической конференции. 10 апреля 2015 г. - Алматы: Абай атындагы КазУПУ-дыц «Улагат» баспасы, 2015. - С. 249-253.; XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын изилдениши жана аны аксиологиялык вцутте талдоонун негиздери// “Манастан Чыцгыз Айтматовго карай: проблемалар жана коз караштар” эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары, 15-январь, 2016. - Бишкек, Кыргызстан. - 198-204- б.) бар филология илимдеринин доктору, доцент **Жантаев Адилбек Сүйүндүковичти** сунуш кылабыз.

**8. Сунуштамалар:** Дисссертация өзүнчө монография катары жарык көрүшү максатка ылайыктуу.

**9. Корутунду.** Диссертант тарабынан өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдарындагы тарыхый чындыктын интерпретациясы алгачкы ирет толук жана терең илимий талдоодон өткөрүлгөн. Өткөөл мезгилге чейинки кыргыз романдарындагы салттуу жана индивидуалдуу сюжеттик көрүнүштөр жана образдар системасы ар тараптуу иликтөөгө алынган. Н.Эшманбетованын “Өткөөл мезгилден кийинки нагыз романдарындагы тарыхый чындыктын интерпретациясы” деген кандидаттык диссертациялык иши өз алдынча аракеттенүү менен жазылган. Илимий-теориялык деңгээли, пайдубалы бекем, практикалык мааниси жогору эмгек болуп саналат.

**10. Диссертациялык кеңештин экперти сунуш кылган документтерди карап чыгып,** КРУИАсынын Ч.Айтматов атындагы Тил

жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн түзүлгөн Д. 10.20.616 диссертациялык кеңешине 10.01.01 – кыргыз адабияты адисиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Эшманбетова Нурайым Мукамбетовнанын **“Өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдарындагы тарыхый чындыктын интерпретациясы”** деген темадагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт, филология илимдеринин**
**доктору, доцент** **А.Кадырманбетова**

**22.11.21**

*Эксперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын*

**Д.10.20.616 Диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Н.Ыйсаева**